**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясында эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчёт**

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 6-октябрындагы № 09-1/620, 2025-жылдын 4-ноябрындагы №10-18/35 буйруктарына ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясында эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы (мындан ары – Федерация) эсептелет.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясында эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин критерийлерине аудит предметинин шайкештиги боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит корутундуларды тастыктаган, жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

Аудитин предмети болуп, төмөндөгү ченемдик документтерде белгиленген критерийлерге ылайык бюджетти баалоо болуп эсептелет:

- “2023-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасынын кесиптик бирликтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2010-жылдын 24-июнундагы Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын XXI съездинде бекитилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен Кыргызстан кесиптик бирликтеринин Уставы.
- Кыргызстан Профсоюздар Кеңешинин 2022-жылдын 20-майындагы №2-3 токтому менен Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан каржыланган балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна, санаторий-

профилакторийлерге, профсоюздардын санаторияларындагы санаториялык-курорттук дарылоого жана эс алууга жолдомолорду пландоо, бөлүштүрүү жана берүү тартиби жөнүндө жобо;

- жана башка ченемдик документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары:**

Иш INTOSAI аудиттин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен, негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жоопкерчиликтүү кызмат адамдары жана тармактык комитеттери тарабынан берилген документтерге ылайык, жүргүзүлдү.

Аудит тарабынан ККБФнын тармактык комитеттеринин ишине тиешелүү ченемдик-укуктук актылар, ички ченемдик актылар, финансылык отчёт изилденди.

Кыргызстан профсоюздар федерациясы тарабынан каржыланган курорттук дарылоо жана эс алуу, балдардын ден соолугун чыңдоо борборлору, санаторий-профилакторийлерде ден соолукту чыңдоого Кыргызстан профсоюздар федерациясы тарабынан камсыздалган отчеттору каралды.

Белгилей кетчү жагдай, аудит жүргүзүү үчүн талап кылынган иш кагаздар айрым комитеттер тарабынан кечиктирүү менен берилип, "Кыргызстандын соода, коомдук тамак-аш жана тейлөө чөйрөсүнүн кызматкерлеринин кесиптик биримдиги" кесиптик бирликтер бирикмеси тарабынан берилген жок.

**Аудит субъектисине кыскача мүнөздөмө**

1995-жылдын 27-декабрында Федерация алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөн.

2025-жылдын 3-ноябрында Федерация Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде кайра каттоодон өткөн.

Федерациянын Уставы алгачкы ирет 1990-жылдын 6-октябрындагы Кыргызстандын профсоюздарынын XVII съездинде кабыл алынган.

Уставга ылайык, Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы республикалык тармактык жана тармактар аралык кесиптик бирликтер уюмдарынын ыктыярдуу бирикмеси.

Уюштуруу-укуктук формасы – кесиптик бирликтер уюмдарды бириктирүү. Менчик формасы – жеке менчик.

Федерация кесиптик бирликтердин жалпы милдеттерин чечүү, эмгекчилердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн республиканын кесиптик бирликтер уюмдарынын иштерин бириктирүү жана координациялоо максатында түзүлгөн.

Федерация мамлекеттик, чарбалык башкаруу органдарынан, саясий партиялардан жана коомдук уюмдардан, кыймылдардан көз карандысыз, аларга отчёт бербейт жана алардын көзөмөлүндө турбайт.

Федерациянын жогорку органы болуп, съезд эсептелет, ал беш жылда бир жолудан кем эмес чакырылат. Федерациянын съезди федерациянын кеңешинин курамын бекитет, федерациянын төрагасын шайлайт (федерациянын кеңешинин төрагасы).

Съезддер ортосундагы мезгилде федерациянын жогорку органы болуп, федерациянын кеңеши эсептелет, ал федерациянын ишин жетектейт. федерациянын кеңеши зарылчылыкка жараша, жылына бир жолудан кем эмес чакырылат жана ага кеңештин үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес мүчөлөрү катышса мыйзамдуу болуп эсептелет.

Федерациянын ишин ыкчам башкарууну федерациянын кеңешинин Президиуму аткарат. Президиумдун иши, ага анын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес мүчөлөрү катышкан учурда гана мыйзамдуу болуп эсептелет.

Федерациянын төрагасы федерациянын съезддеринин, федерациянын Кеңешинин, Президиумунун чечимдерин аткарууну уюштурат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 22-ноябрындагы № 319 “Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо боюнча иш-чараларды натыйжалуу башкаруу боюнча чараларды көрүү жөнүндө” Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-декабрындагы №720 “Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү жөнүндө” токтомуна ылайык, *Кыргызстан кесиптик бирлиги федерациясы кесиптик бирликтер уюмдар бирикмесинин менчигинде турган ден-соолукту чыңдоочу борборлору, туристтик жана башка объекттери Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармалыгына убактылуу пайдаланууга* берилген.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- *Биринчи кол коюу укугу менен:* 2022-жылдын 6-апрелинен тартып 2024-жылдын 14-февралына чейин Федерациянын төрагасы - Э.Ш. Кызаев, 2024-жылдын 15-февралынан тартып бүгүнкү күнгө чейин Федерациянын төрагасы - Джумадилде уулу Мурадил.

- *Экинчи кол коюу укугу менен:* Кыргызстан Профсоюздар

Федерациясынын Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын пландаштыруу, бөлүштүрүү жана контролдоо бөлүмүнүн башчысы - Г.Т. Абдыбекова.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргызстан кесиптик бирдиктер федерациясында эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттардын пайдаланышы маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча:

2020-жылдын 19-майындагы №01-23/128 жазма буйруктун 1 пункту аткарылган, 3 пунктунун жалпы калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2391,9 миң сомдон, 1626,1 миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 765,8 миң сомду түзгөн. Аталган жазма буйруктун 2, 4, 5, 6-пункттары аткарылган эмес.

2022-жылдын 12-майындагы №01-23/110 жазма буйруктун 4, 11-пункттары жарым-жартылай аткарылган, 9-пункту аткарылган эмес.

6 пункттан турган 2023-жылдын 9-мартындагы №01-20/12 жазма буйруктун аткарылышы боюнча, калыбына келтирүүгө тийиш болгон 37 198,5 миң сомдон 17 611,7 миң сом миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 19 586,8 миң сомду түзгөн. 1, 2 - пункттары аткарылган эмес.

9 пункттан турган 2020-жылдын 20-майындагы №01-23/127 сунуштама, 18 пункттан турган 2022-жылдын 12-майындагы №01-23/112 жазма буйрук жана 10 пункттан турган 2023-жылдын 9-мартындагы №01-20/11 сунуштама толугу менен аткарылган эмес.

2024-жылдын 11-ноябрындагы №01-20/138 жазма буйруктун 4 пунктунун, 3, 4-пункттары ушул аудиттин учурунда аткарылган, 1, 2-пункттары аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

1. Мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын жана сунуштамаларын толук көлөмдө аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн:

- 2020-жылдын 19-майындагы №01-23/128 жазма буйруктун аткарылбаган 2, 4, 5, 6-пункттары;

- 2020-жылдын 19-майындагы №01-23/127 сунуштаманын аткарылбаган жалпы 9 пункту;

- 2022-жылдын 12-майындагы №01-23/110 жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган 4, 11-пункттары жана аткарылбаган 9-пункту;

- 2023-жылдын 9-мартындагы №01-20/12 жазма буйруктун аткарылбаган 1, 2-пункттары;

- 2022-жылдын 12-майындагы №01-23/112 сунуштаманын аткарылбаган жалпы 18 пункту;

- 2023-жылдын 9-мартындагы №01-20/11 сунуштаманын аткарылбаган жалпы 10 пункту;

- 2024-жылдын 11-ноябрындагы №01-20/138 жазма буйруктун аткарылбаган 1, 2-пункттары.

2. 2018-2022-жылдарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча 20 352,6 миң сом калыбына келтирилсин.

**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн каражаттардын пайдаланышы**

Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын Уставынын 27-беренесине ылайык, федерациянын акча каражаттары уюмдун мүчөлүк төгүмдөрүнөн, маданий-портативдүү иш-чаралардан, федерациянын чарбалык, басма жана башка ишинен, федерациянын ишкердик ишинен жана ведомстволук уюмдарынан түшкөн каражаттардан түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-майындагы УӨ №58 “Эмгекчилердин ден соолугун жакшыртуу фондунун каражаттарын бөлүштүрүүчү ыйгарым укуктуу орган жөнүндө” токтомунун 1-пунктунда Эмгекчилердин ден соолугун жакшыртуу фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп Кыргызстандын кесиптик бирликтер федерациясы аныкталган.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо көлөмү тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө мыйзам менен каралат.

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна - 0,25 пайыз бөлүштүрүлөт.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттары жылына чогултулган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн натыйжасында каржыланат.

Кыргызстан кесиптик бирликтер кеңешинин 2022-жылдын 20-майындагы №2-3 токтому менен бекитилген “Эмгекчилердин ден соолугун

чыңдоо фондунан  каржыланган балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна, санаторий-профилакторийлерге, кесиптик бирликтердин санаторияларындагы санаториялык-куроорттук дарылоого жана эс алууга жолдомолорду пландоо, бөлүштүрүү жана берүү тартиби жөнүндө” жобонун 2.1-пунктунда кесиптик бирликтер федерациясына ден соолукту чыңдоого бөлүнгөн каражаттардын пландык көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй пайыздарда бөлүштүрүлөт:

- курорттук дарылоо жана эс алууга - 65%;
- санаторий-профилакторийлерге ден соолукту чыңдоого - 6%;
- балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна - 28%;
- административдик чыгымдар - 1%ды түзөт.

Берилген маалыматка ылайык, Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясынын Эмгекчилердин ден соолугун чындоо фондунун каражаттарына  “Айыл Банк” ААКда №1350100030000211   банктык эсеби ачылган.

2023-жылдын 1-январына карата банктык эсебинде акча каражаттарынын өздөштүрүлбөй калган калдыгы 89 235,4 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын 31-декабрына карата банктык эсепте 18 572,8 миң сом калдык калган.

**Эмгечилердин ден соолугун чыңдоо фондунан 2023-жылы бөлүнгөн каражаттардын пайдаланылышы**

2023-жылдын 12-майында Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун 2023-жыл үчүн бюджети Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңешинин №7-6 токтому менен Президиумунда бөлүштүрүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун  2023-жылга карата бюджети 486 171,7 миң сомго бекитилген, анын ичинен:

- санаториялык - курорттук даарылануу жана эс алууга -  316 011,6  миң сом (65%);
-  санаторий-профилакторийлерде ден соолукту чыңдоого - 27 170,3 миң сом (6%);
- балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна 136 128,1 миң сом (28%);
- административдик чыгымдар -  4 861,7 миң сом  (1%).

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун  2023-жылга карата такталган бюджети 738 245,0 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги №01-6/37 катынын негизинде, санаторий-профилакторийлерде ден соолукту чыңдоого каралган 10 455,9 миң сом суммасы санатордук-курорттук дарылоого жана эс алууга бөлүнүп, жалпы суммасы 326 467,6 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын 1-январына карата Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясынын Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун банктык эсебинде акча каражаттарынын калдыгынын ичинен 77 753,0 миң сом акча каражаттары Кыргызстан профсоюздар федерациясынын кеңешинин 2023-жылдын 6-мартындагы №17-1 токтому менен Президиумунда бөлүштүрүлгөн.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан каржыланган 202 571,5 миң сом акча каражаттары Кыргызстан профсоюздар федерациясынын кеңешинин 2023-жылдын 8-июнундагы №22-2 токтому менен Президиумунда бөлүштүрүлгөн.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан каржыланган 40 514,3 миң сом жана санатордук-курорттук дарылоо жана эс алуудан өздөштүрүлбөгөн 2 039,3 мин сом, жалпы 42 553,3 миң сом акча каражаттары Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңешинин 2023-жылдын 5-июлундагы №23-1 токтому менен Президиумунда бөлүштүрүлгөн.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан каржыланган 81 028,6 миң сом акча каражаттары Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңешинин 2023-жылдын 28-августундагы №25-1 токтому менен Президиумунда бөлүштүрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы 2023-жылга карата 2024-жылдын 26-февралындагы түзүлгөн салыштырмалуу актысы боюнча 2023-жылдын 1-январына 182 962,5 миң сом дебитордук карызы болгон жана жыл ичинде 0,25% Социалдык фонд тарабынан эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна чогултулган сумма 572 455,8 миң сомду түзгөн, жыл ичинде Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясына 324 114,4 миң сом акча каражаттары которулган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-декабрындагы №720 токтомунун негизинде 414 130,6 миң сом Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Президенттин Иш башкармалыгына которулуп берилген.

Түзүлгөн салыштырма актысы боюнча 2024-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча дебитордук карызы 0 сомду түзгөн.

2023-жылы Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна каралган 755 417,8 миң сомдун ичинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 254 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" жобонун 14-пунктуна ылайык, Социалдык фонддун күндөлүк ишин финансылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууга түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнүн 3 пайызы (% ) 17 172,8 миң сомду түзгөн.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан каржыланган 77 753,0 миң сом жана 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына 324 114, 4 миң сом акча каражаттары төмөнкүчө бөлүнүп, пайдаланылган.

| № | **Аталышы** | **ФПК тарабынан которулганы** |
|---|---|---|
| 1 | Курорттук дарылоо жана эс алуу | 256 792,6 |
| 2 | Балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна | 129 144,2 |
| 3 | Санаторий-профилакторийлерде ден соолукту чыңдоого | 18 100,4 |
| 4 | Административдик чыгымдар | 3 273,3 |
| 5 | Банк кызматы үчүн | 16,7 |
| | **Баардыгы** | **407 327,2** |

**Санаториялык-ден соолукту алдын ала чыңдоого жана эс алууга бөлүнгөн акча каражаттары боюнча**

Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жооптуу кызматкерлери тарабынан берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн акча каражаттары төмөнкү аталган Федерацияга караштуу санаторийлерге жана эс алуу жайларына каржыланган. Каржыланган акча каражаттарынын жалпы суммасы 256 792,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- "Көгүлтүр Иссык-Көл" санаторийи - 93 692,7 миң сом;
- "Ысык-Ата" санаторийи – 30 942,7 миң сом;
- "Жалал-Абад" санаторийи - 60 103,1 миң сом;
- "Кыргызстан" санаторийи - 3 631,2 миң сом;
- "Жети-Өгүз" санаторийи - 6 616,9 миң сом;
- "Жыргалан" санаторийи - 1 058,0 миң сом;
- "Ала-Тоо" эс алуу үйү - 36 282,4 миң сом;
- "Ысык-Көл" эс алуу үйү - 14 957,2 миң сом;
- "Арстанбап" эс алуу пансионаты - 4 908,4 миң сом;
- "Телтору" эс алуу пансионаты- 4 600,0 миң сом.

## Санаторий-профилакторийлерде ден соолукту чыңдоого бөлүнгөн акча каражаттары

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн акча каражаттары төмөнкү аталган федерацияга караштуу санаторий-профилакторийлерде дарылануга жумшалган, алар:

- Жалал-Абад областтык кесиптик бирликтер кенешине - 4 704,5 миң сом;
- "Кыргыз Республикасынын Агроөнөржай Комлексинин жана айыл чарбасынын муниципалдык кызматкеринин кесиптик бирлиги" Кесиптик бирликтер уюмдарынын бирикмесине - 7 089,3 миң сом;
- "Кыргыз Республикасынын тоо-кен металлургия кесиптик бирлиги" кесиптик бирликтердин бирлигине - 3 945,2 миң сом;
- Жалал-Абад областтык Кесиптик бирликтер комитети, "Алтей" профилакторийине - 2 361,4 миң сом.

2023-жылы "Кыргыз Республикасынын тоо-кен металлургия кесиптик бирлиги" кесиптик бирлиги өздөштүрбөгөн 3 637 миң сом каражатын кайрадан кайтарып берген.

## Балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна бөлүнгөн акча каражаттары

Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын жоопту кызматкерлери тарабынан берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан бөлүнгөн акча каражаттарынын эсебинен, Кыргызстан профсоюздар федерациясынын кеңешинде балдардын ден соолугун чыңдоо борборлоруна 129 564,6 миң сом каралган. Каржыланган акча каражаттардын жалпы суммасы 129 144,2 миң сомду түзгөн, жалпы 18508 баланын ден-соолугу чыңдалган.

**Аныкталды жана корутунду**

Балдардын жайкы эс алууларын уюштуруу Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясына караштуу балдардын ден соолугун чыңдоо борборлорунда жүргүзүлгөн. Ошондой эле, айрым комитеттер тарабынан Ысык-Көл областынын Корумду айылында жайгашкан "Смена", Ысык-Көл областынын Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан "Орленок"- жеке ишкер Мамытова, Ысык-Көл областынын, Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан "Эрданчо" жеке ишкер М. Курманкожоев аттуу, федерацияга караштуу болбогон балдардын ден соолугун чыңдоо лагерлеринде жеке ишкерлер менен келишим түзүлүп, балдардын ден соолугун чыңдоо уюштурулган.

Алсак, Ысык-Көл областынын Корумду айылында жайгашкан "Смена" балдардын ден соолугун чыңдоо борбору тарабынан Транспорт

жана жол чарбачылыгынын кесиптик бирликтер борбордук комитети “Каникул” ЖЧКсы менен 2023-жылдын 19-июнунда келишим түзүлгөн. Келишимге ылайык “Каникул” ЖЧКсынын банктык эсебине 2 069, 5 миң сом которулган.

- Ысык-Көл облусунун Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан “Деңиз” ден соолукту чыңдоо борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын маданият кызматкерлеринин кесиптик бирлиги жеке ишкер Мамытова Райхан Шергазиевна менен 2023-жылдын 19-июнунда келишим түзүлгөн. Келишимге ылайык, аталган кесиптик бирлиги тарабынан жеке ишкер Р.Ш. Мамытованын банктык эсебине 525,0 миң сом которулган.

- Ысык-Көл облусунун Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан УНПК МУК ден соолукту чыңдоо борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын токой тармактарынын кызматкерлеринин кесиптик бирлиги келишимди жеке ишкер Мамытова Райхан Шергазиевна менен түзгөн. Датасы көрсөтүлбөгөн келишимге ылайык, жеке ишкер Р.Ш. Мамытованын банктык эсебине 2 197,5 миң сом которулган.

- Ысык-Көл облусунун Чоң-Сары-Ой айылында жайгашкан “Эрданчо” балдардын ден соолугун чыңдоо лагери тарабынан Нарын областынын кесиптик бирликтер кеңеши жеке ишкер М.З.Курманкожоев менен 2023-жылдын 20-июнунда келишим түзүлгөн. Келишимге ылайык, жеке ишкер М.З. Курманкожоевдин банктык эсебине 3 442,5 миң сом которулган.

Белгилей кетчү жагдай “Деңиз”, УНПК МУК ден соолукту чыңдоо борборлору комитеттердин берген маалыматтарында “Орленок” ден соолукту чыңдоо борбору деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 6-июнундагы № 322-т тескемеси менен бекитилген *“Ысык-Көл областынын туристтик сезонуна карата рекреациялык объекттердин даярдык паспортторун берүү тартиби жөнүндө” убактылуу жобосуна ылайык, “Ысык-Көл” биосфералык аймагынын чегинде жайгашкан пансионаттар, курорттор, эс алуу үйлөрү, коттедждик шаарчалар, конок үйлөрү жана менчигинин түрүнө жана ишкердик ишти жүзөгө ашыруунун укуктук формасына карабастан эс алуу, ден соолукту чыңдоо, туризм үчүн пайдаланылуучу, рекреациялык, мейманканалык кызматтарды, ден соолукту чыңдоо, жашоо, эс алуу, туризм боюнча кызматтарды көрсөтүүчү башка объекттер- туристтик сезондо иштөөгө даярдыгын ырастаган жыл сайын берилүүчү даярдык паспортун алуусу шарт”*. Аудитке берилген иш кагаздарында, балдардын ден соолугун чыңдоо борборлору туристтик сезондо иштөөгө даярдыгын ырастаган паспорттору тиркелген эмес, алар:

- “Смена” балдардын ден соолугун чыңдоо борбору;

- “Деңиз” ден соолукту чыңдоо борбору;
- “УНПК МУК” ден соолукту чыңдоо борбору;
- “Эрданчо” балдардын ден соолугун чыңдоо лагери.

Келишим түзүлгөн жеке жактар эч кандай тандоодон өткөрүлгөн эмес, тажрыйбасын, кесипкөй мүмкүнчүлүгүн, санитардык-эпидемиологиялык ченемдерине шайкештигин, балдарды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн тастыктоочу эч кандай иш кагаздары аудитке берилген эмес.

**Сунуштама**

- Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңешинде “Смена”, жеке ишкер Мамытова Р.Ш.(“Деңиз”, УНПК МУК, Орлёнок), “Эрданчо” балдардын ден соолугун чыңдоо борборлору жана лагерлери менен түзүлгөн келишимдердин негиздүүлүгүнө кызматтык териштирүү жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен негизсиз келишимди түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.
- Балдардын ден соолугун чыңдоо борборлору, лагерлери, эс алуу жайлары так коюлган талаптардын, критерийлердин негизинде Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңеши менен тандалып алынсын;
- Балдардын ден соолугун чыңдоо борборлору, лагерлери, эс алуу жайларын тандоо жана шайкештиги боюнча атайын локалдык актылар иштелип чыксын;
- Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы тарабынан мыйзамга жана ички локалдык актыларга ылайык келишимдин формасы даярдалсын;
- Ар бир кызмат көрсөтүүчү тарап менен иш кагаз жүгүртмөсү (ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулугу, тажрыйбасы, уруксат кагаздары, санпин нормаларына шайкештиги, балдарды кабыл алуу мүмкүнчүлүгү, педагог, медицина кызматкерлери менен камсыздалгандыгы, кызмат көрсөтүү боюнча калькуляциясы, балдарга берилчү тамактардын граммдалган тизмеги ж.б.) конкреттүү талаптар менен бекитилип жүргүзүлсүн.

**Аудитор** **М.К. Арзыбаев**